Кыргыз Республикасынын

Билим берүү жана илим

министрлиги

Айдаркулов Рысбек
Туйгунбековичтен

# Арыз

"Корчубек Акназаров атындагы орто мектеби" мекемеси

(юридикалык жактын толук аталышы көрсөтүлөт)

программалык аккредитациядан өткөрүүнү суранат.

Уюштуруучулук-укуктук формасы: мекеме

Менчик формасы: мамлекеттик

Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы Нарын облусу Кочкор району Чолпон айылы Шакираалы№20

Жайгашкан жери:: Кыргыз Республикасы Нарын облусу Кочкор району Чолпон айылы Шакираалы№20

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери: (СИН) 02712199510735

Юридикалык жакты каттоо (кайрадан каттоо) датасы: 24-август 2020-жыл

Программалык аккредитациялоо үчүн билим берүү программалары (керектүүнү белгилөө):

☑ негизги жалпы

☑ орто жалпы

Билим берүү уюмунун жетекчисинин телефон номери: 0709110861

Билим берүү уюмунун электрондук почтасынын дареги:satarovagulira@gmail.com

Тиркелет: өзүн-өзү баалоо боюнча отчет ___ б.

2021-жылдын 9- март

М.О

Р. Айдаркулов

(кол тамга) (аты-жөнү)

**КОЧКОР РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ К. АКНАЗАРОВ ОРТО МЕКТЕБИ**

722817, Нарын областы, Кочкор районy,
Чолпон айылы Шакиралы коч. 20,
тел/мобл: 0709110861
korchubek.aknasarov@gmail.com
ИИН 02712199510735
ОКПО 20636993

**КОЧКОРСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ К. АКНАЗАРОВА**

722817, Нарынская область, Кочкорский район,
с.Чолпон ул. Шакиралы 20,
тел/мобл: 0709110861
korchubek.aknasarov@gmail.com
ИИН 02712199510735
ОКПО 20636993

18 . 01 2021-ж
№ 3

**Буйрук**

Мектепти аккредитациядан өткөрүү жөнүндө

Мектептердин билим берүү программаларын ишке ашыра турган аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды аткаруу жана жооптууларды бекитүү жөнүндөгү Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн №783 буйругун жетекчиликке алып буйрук кыламын.

1. Мектептин билим берүү ишмердүүлүгүн сапатына окуучулардын алган билимдеринин сапаты мамлекеттик стандарттын талабына ылайык келишип, милдеттүү түрдө негизги жана жалпы орто билим берүүдөгү окутууну багыттары жалпы билим берүү программасына дал келишин аныктоо максатында мектепте өзүн – өзү баалоо өткөрүлсүн.

2. Мектеп ичинде өзүн – өзү баалоо жүргүзүү боюнча төмөнкү курамда комиссия түзүлсүн.

Комиссиянын төрагасы:

1. Мектеп директору Айдаркулов Рысбек

Комиссиянын мүчөлөрү:

2. Окуу- тарбия иштери боюнча директордун орун басары - Алдашова Жылдыз
3. Тарбия иштерин уюштуруучу -Жумалы уулу Адил
4. Чарба иштери боюнча директордун орун басары - Алыбаев Сабит
5. Информатика мугалими - Сатарова Гүлира
6. Баштапгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси- Усупканова Анаркүл
7. Профсоюз уюмунун төрайымы - Бактыгулова Тукенай

3. Комиссиянын иштен чыккан өзүн – өзү баалоо боюнча иштерининин жыйынтыгы мектептин педагогикалык кеңешинде каралсын.

Мектеп директору Р Айдаркулов.

БЕКИТИЛДИ

2021-жылдын «18» январь

№ 3 буйругу менен

# ӨЗҮН - ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

НАРЫН ОБЛУСУНУН КОЧКОР РАЙОНУНДАГЫ «КОРЧУБЕК АКНАЗАРОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ» МЕКЕМЕСИ

## ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

*(ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ)*

Киришүү

**Аккредитацияланууучу программанын талышы:** программалык аккредитация

**Окуу жай тууралуу кыскача** Корчубек Акназаров атындагы орто мектеби 1927-жылы башталгыч билим берүү мектеби ачылган. 1935-1940-жылдары 7жылдык билим берүү мектеби курулуп иштей баштаган. 1958-жылы толук 10 жылдык орто мектеп ачылган. 1980-жылы  жаны эки этаждуу  имарат курулуп жатак мектеп болуп ачылган. 2000-ждылы социалистик эмгектин баатыры Корчубек Акназаровдун ысымы берилген. 2018-жылы жатак мектеп жабылып, жалпы орто мектеп болуп өзгөртүлдү

**Билим берүү уюмунун миссиясы:** Мугалимдердин сапаттуу билим берүүсүн камсыздоо менен сапаттуу билим берүүнүн негизинде окуучулардын азыркы коомго ыңгайлашуусун камсыз кылуу.

**Окуу жайдын жетекчиси** : Айдаркулов Рысбек Туйгунбекович тел: 0709110861
электрондук дареги: Aidarkulov02kg

**- БУнун буга чейинки аккредитациясы жөнүндө маалымат:**
Кезектеги аккредитациялоо
18.04.2019-ж №CC190005553 Буйрук №432/1

**- Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин дареги, телефон номерлери, e-mail:**
- дареги: КР, Нарын облусу ,Кочкор району, Чолпон айылы, Шакираалы көчөсү №20
- тел. номерлери: 0709110861
- электрондук почтасы: korchubek.aknasarov@gmail.com

<table>
<tr><td>1.прогр</td><td colspan="3">Билим берүү программасынын мазмунуна жана окуу-методикалык камсыздалышына карата минималдуу талаптар</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы КР Мектептик жалпы билим берүү стандартына(мындан ары-билим берүү стандарты) жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келиши..</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">Билим берүү Программасынын мазмунун жана окуу-методикалык камсыздалышын баалоонун критерийлери</td></tr>
<tr><td></td><td>Өзүн-өзү баалоо критерийлери</td><td>Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)</td><td>Далилдөөчү база</td></tr>
<tr><td>1.1</td><td>1. Окуу планын жана программаладрын билим берүү стандартынын, Базистик планыны талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү</td><td>Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин 2020/2021 - окуу жылына түзүлгөн окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде түзүлдү.<br><br>Окуу программасынын көлөмү жана убактысы окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келет.<br><br>а) инсандын мотивациялык керектөөчүлүк чөйрөсүнүн, психикалык таанып-билүүчүлүк процесстердин өсүшүнө өбөлгө түзөт.<br><br>б) окуу-тарбия комплексинин өнүгүү</td><td>Мектептин окуу планы,түшүндүрмө кат. КРнын ББжИМ №475/1 18.06.2020<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mekteptin-2020-2021-okuu-zhylyna-karata-okutuunun-zhana-tarbiyaloonun-zhyldyk-plany.pdf</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | программасына дал келет.<br><br>в) башка компоненттер менен бирге толук күндөгү мектептин билим берүү жана тарбия берүүчү чөйрөсүн калыптандырат, ошону менен бирге ата-энелердин (кызыктар тарап) талаптарына жооп бере алат.<br><br>Окуу беш күндүк мөөнөт менен жүргүзүлөт.Сабактар 1 сменада өтөт. Сабактардын узактыгы 45 мүнөттү түзөт. Толук күндүү окуу процессин жүргүзгөн мектеп катары, сабактан кийинки убактарда окуучулардын кызыгуусу боюнча эстетикалык, спорттук кружок жана секциялар иштейт.<br><br>Окутуу бир тилдүү: кыргыз тилинде. Окуу планы мамлекеттик стандарттын талаптарына туура келет жана Кыргыз Республикасынын ББИМнин 2020-жыл май айындагы № 616/1 буйругу менен бекитилген. Базистик окуу планына ылайык түзүлгөн. Окуу планында Кыргыз Республикасынын ББИМнин окуу иштери менен окуу колдонмолорун пайдалануу каралган. Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинде 28-класс 617 окуучу, даярдоо 2 класс, 38 окуучу окуйт.<br><br>I баскычында – башталгыч класстар -1-4-класстар- 10 класс -218 окуучу<br><br>II баскычында – негизги мектеп -5-9- класстар- 12 | **Базистик окуу план.**<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/bazistik-plan-1.pdf<br><br>**2020-2021-окуу жылынын 2-чейрегине карата окуучулардын кыймылы тууралуу окуу бөлүмүнүн башчысынын отчету**<br><br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/okuuchulardyn-kyymyly-turaaluu-okuu-b-l-m-n-n-bashchysynyn-otchetu-1.pdf** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | класс -274 окуучу<br><br>III баскычында- 10-11- класстар – 4 класс – 80 окуучу | |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Мектептин билим берүү программасы окутуунун усулдук каражаттары менен мүмкүнчүлүктүн болушунча камсыздалган,билим берүүнүн максаттарына жана мамлекеттик билим берүүнүн стандартына толук жооп берет.<br><br>Нормативдик иш кагаздары:<br><br>1.мамлекеттик билим берүү стандарты<br>2.окуу планы<br>3.мугалимдин жумушчу  программасы.<br>4.окутуунун техникалык каражаттары(проектор,,компьютер,телевизор )<br>5.практикалык ишмердүүлүк үчүн атайын каражаттар.<br>6.методикалык китептер,адабий чыгармалар,журналдар | **Мектептин жылдык планы**<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mekteptin-2020-2021-okuu-zhylyna-karata-okutuunun-zhana-tarbiyaloonun-zhyldyk-plany.pdf |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын(окуучулардын контингентине,анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу-методикалык адабияттардын фонду) болушу | Мектептин библиотекалык фондундагы окуу китептери КР ББ жана илим министрлиги тарабынан 2020-2021 окуу жылына карата  окуу китептеринин тизмеси  №699/1 9-августагы буйругу менен дал келет ( программалар ар бир беш жылда иштелип чыгып,бекитилип турат)<br><br>Окуу китептери менен толукталган, 2020-2021- | Китепкананын инвентаризациясы<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/kitepkananyn-inventarizatsiyasy.pdf<br><br>Д-10 отчеттор<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/d-10-otchettor.pdf |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>окуу жылына карата китепкананы толуктоо иштери жүрдү. Жаңы окуу жылына сандагы адабияттар алынды.<br><br>Мектепте окуучулар үчүн окуу китептери жетиштүү<br><br>Жалпы мектептин китеп фонду 7800 китепти түзөт<br><br><table><tr><td>Жылдар</td><td>2018-2019</td><td>2019-2020</td><td>2020-2021</td></tr><tr><td>Окуу китептери</td><td>Жалпы 7048<br>1-4-класс - 1377<br>5-9-класс - 2314<br>10-11-класс 868</td><td>Жалпы 7244<br>1-4-класс -1324<br>5-9-класс - 3407<br>10-11-класс 957</td><td>Жалпы 7388<br>1-4-класс -1324<br>5-9-класс - 3407<br>10-11-класс 957</td></tr><tr><td>Адабий китептер</td><td>2489</td><td>1556</td><td>1700</td></tr></table></td><td></td></tr>
<tr><td>1.4</td><td>Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу.</td><td>Окуучулардын билим сапаты жана тарбиясы жөнүндө маалыматтар өз убагында ата-энелерге жеткирилип турат. Маалымат менен камсыздоо каражаттары болуп: электрондук күндөлүк, чогулуштар (жылына 2 жолу), социалдык кызматтар (фейсбук, инстаграмм баракчалары, whatsApp группалары) эсептелинет. Мисалга: электрондук күндөлүк колдонуу менен ата-энелер окуучунун предметтерден алган баасын, класста өзүн алып жүрүүсүн (мугалим эскертүү жазса болот), чейректик, экзамендик бааларын толук түрдө аралыктан көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү бар. Электрондук журналды колдонуу, өздөштүрүү,</td><td>Билим берүү мыйзамдары<br><br><br>Электрондук күндөлүк<br><br>https://kundoluk.edu.kg/account/index?date=2021-05-03</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окуучуну көзөмөлдөө, мугалим менен баарлашуу функциялары боюнча ата-энелерге атайын инструктаж өткөрүлөт, видео-сабактар жиберилет жана айрым суроолорго жооп берүү класс жетекчилердин жардамы менен ишке ашырылат. Ошондой эле аталган электрондук журналдын функциясы боюнча ар бир окуучунун ата-энесине жеке логин жана сыр сөзү берилип, окуучунун жетишкендиктерин көрүү ата-энесинде же жоопкерчиликтүү тараптарда гана калат. Бул ар бир окуучунун маалымат коопсуздугуна кепил боло алат. Сабактык, чейректик, экзамендик баалар боюнча суроо жаралган мезгилде кызыктар тараптар мугалимдин жеке өзү же класс жетекчи аркылуу маселени чечүү жолдору дагы системалуу түрдө иштейт.<br><br>Ал эми мугалимдердин электрондук журналды толтуруусу, баалардын коюлуусу боюнча көзөмөл окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан көзөмолгө алынып, кемчиликтер боюнча түшүндүрүүлөр, эскертүүлөр ар жума сайын жүргүзүлөт.<br><br>Жалпы класстык билим берүү сапаты жөнүндөгү маалыматтар: whatsApp группалары, ата-энелердин чогулуштары аркылуу маалыматтар берилет. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Жыйынтыгы:**<br><br>**Күчтүү жагы:** Облустук жана райондун, мектептин ичинде семинарлар өткөрүлүп турат.<br><br>**Алсыз жагы:** мугалимдер үчүн методикалык китепчелердин жетишсиздиги | | | |
| **2** | **Компетенттүү окутууну ишке ашырууга жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоого карата минималдуу талаптар** | | |
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |
| 2.1. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | Мугалимдер сабактын планын жазууда максаттарды окуучунун позициясында коё билишет.<br>Коюлган максаттарды жазууда сабактын пландары, анализдери жаңы стандартка тууралап жазып жатышат.<br>Предметтик мугалимдер мамлекттик стандартка ылайык кесиптик чөйрөсүндө ылайык төмөнкү компетенттерди негиз катары | Мугалимдердин жазган план конспектилери.<br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mugalimderdin-zhazgan-plan-konspektileri-1.pdf**<br>Календарлык пландар<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/kalendardyk-plan- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | сабактарында пайданалып жатышат. Алар:<br>1) Маалыматтык компетенттүүлүк - өз ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу, негиздүү тыянактарды калыптандыруу үчүн маалыматтарды пайдаланууга даярдык. Маалымат менен иштей билүүнү талап кылат: жетишпеген маалыматты максатка умтулуу менен издөө, айрым фрагменттерди салыштыруу, гипотезаларды бирдиктүү талдоо жана коюу ыкмаларына ээ болуу. Адамга сын көз менен ой жүгүртүлгөн маалыматтын негизинде акылга сыярлык чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет.<br>2) Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк - өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этностук, кесиптик, инсандык) баалуулуктарына урмат менен мамиле кылуунун негизинде цивилизациялуу коргоп калуу. Маектешүүдө зарыл маалымат алууга даярдык жана аны жеке, социалдык жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө билдирүү. Милдеттерди чечүү үчүн башка адамдардын ресурстарын жана социалдык институттарды пайдаланууга мүмкүндүк берет.<br>3) "Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү" компетенттүүлүгү - маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда карама-каршылыктарды | 1.pdf<br><br>класстан тышкаркы иштердин пландары<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/klasstan-tyshkarky-ishterdin-plandary.pdf<br><br>Усулдук бирикме жетекчилеринин пландары.<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/tehnologiya-usulduk-birikmesinin-ish-plany-2.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык. | |
| 2.2 | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | МТК технологияларын ишке киргизүү максатында мектебибизде тиешелүү шартар түзүлгөн:жалпы 42 мугалимдин 20 сы МКТ технологияларын сабактарында туруктуу колдонот. Мектептин информатика, физика, химия, мультимедия кабинеттеринде видео проектор активдүү колдонулат. Сабактарды интерактивдүү ыкмада, эффективдүү өтүү максатында интернет туташтырылган. МКТ компетенттүүлүккө ээ мугалимдердин ишмердүүлүгүндөгү көйгөйлөрдү чечүү максатында, мектепте мугалимлер үчүн курстар жана семинарлар уюштурулуп турат. Ал эми окуучулардын компьютер сабаттуулугун жогорулатуу максатында сабактан тышкаркы мезгилде, кошумча сабактар жана кружоктор уюштурулган. “МКТны окуу-тарбия процессинде колдонуу” практикалык ишмердүүлүгү өзүнө заманбап билим берүүчүлүк жана маалымат-коммуникативдик технологияларды сабактарда, класстан тышкаркы иш-чараларда жана ата-энелердин чогулуштарында колдонууну өзүнө | **Билим берүү стандарты** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | камтыйт. МКТ технологияларын ишке киргизүү багытында мугалимдерге методикалык жардам катары төмөнкү темадагы семинарлар өтүлгөн: электрондук күндөлүк менен иштөө”, “Google сервис продукцияларын колдонуу”“ МКТ каражаттары жана алар менен иштөө жолдору”.<br><br>О.э. информатика мугалими тарабынан педагогикалык коллективге жеке консултациялык жардам көрсөтүлүп турат. Мектеп мугалимдери тарабынан МКТны сабакта колдонуу боюнча иштелмелер иштелип чыккан. Мугалимдердин “Перезентация сабактары” анимация, сүрөт, видео-материал, карта жана схемаларды колдонуу менен жүргүзүлөт. Электрондук түрдө түзүлгөн (үлгү катары) сабактарды мектеп мугалимдери өзгөртүү киргизип колдоно алат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.3 | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин окуучулардын ББК көзөмөлдөө максатында кайтарым байланыш катары төмөнкү усулдар колдонулат: диагностикалык сурамжылоо-киришүү, айлык, чейректик жана жыйынтык иштери төмөнкү формаларда алынат: жат жазуу, эссе, баяндама. Мугалимдердин жана окуучулардын ишмердүүлүгүн анализ жана корректировкалоо максатында анкета, сурамжылоо, аңгемелешүү, байкоо иштери жүргүзүлөт. Сурамжылоо жана анкета жылына 1 жолу мугалимдер, ата-энелерден, ал эми окуучулардан ар чейрек сайын алынып, жыйынтыгы анализденип, тиешелүү чаралар көрүлөт. Анкета алуу жана сурамжылоо мектептин өнүгүүсүнө, кемчиликтерди ондоого түздөн-түз салым кошот.<br><br>Кайтарым байланыштын жаңы усулу: электрондук журналынын колдонулушу менен ата-эне, мугалим, окуучунун тыгыз иштешүүсү дагы да жогорулап, окуучуну обьективдүү баалоого, билим берүүгө кызыктар тарптардын ар дайым ачык жана жеткиликтүү болуусуна шарт түзүлдү. | **Педагогикалык кеңештин токтомдору.**<br><br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/pedagogikalyk-ke-eshterdin-toktomdoru-1.pdf**<br><br>**Усулдук кеңештин отурумдарынын токтомдору.**<br><br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/usulduk-ke-eshtin-oturumdarynyn-toktomdoru.pdf**<br><br>**Сабакка анализдер**<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/sabakka-analiz-1.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун обьективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | Мамлекеттик билим берүүнүн окуу стандарты (2014-ж. 21.07. №403) билим берүүнүн сапатын баалоо, бекитилген ченемдик-укуктук актылардын негизинде окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин, окуу программаларын өздөштүрүүсүнүн, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана башка талаптар менен аныктоо үчүн жүргүзүлөт. Мектепте билимди баалоо системасы, билим берүү системасынын стандартташтырылган жетишкендиктерин ар кандай сыноолорду пайдалануу менен бирге бааланат.<br><br>Ошондой эле ички жана тышкы баалоонун жыйынтыгынын мониторинг жана көзөмөлүнөн турат. Мектепте билим берүү системасынын абалын ортоңку жана жогорку класстарда мониторинг жүргүзүү менен жыйынтыгы чыгарылат.<br><br>Окуучуларды учурдагы баалоону жүргүзүү стандарт боюнча (туура аткарылган тапшырмалардын санынан, кетирилген каталардын санынан, эрежелерди туура аткаруусунан ж.б.) жана мугалим тарабынан берилген өз алдынча ишти аткаруусу, окутуу материалдарын аткаруу деңгээлинен, жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен баалоо жүргүзөт. | **Чейректик мониторингдер**<br><br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/cheyrektik-monitoring-1.pdf** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мезгили менен баалоо иштин белгилүү бир стандарттын негизинде жүргүзүлөт:<br><br>Алар жазуу иштери, башка булактар менен иштөө, оозеки жооп берүү: жактоо, долбоорлоо, илимий-изилдөө ж.б.<br><br>Мугалим мезгили менен баалоодо критерийлерди алдын ала иштеп чыгып баалайт.<br><br>Мектепте окуучулардын жыйынтыктоочу баалоосу чейректик, жарым жылдык, жылдык болуп бааланат. Атайын иштелип чыккан эрежелерге ылайык жүргүзүлөт жана баалоо критерийлерине карата жазуу жүзүндө жүзөгө ашырылат. | |
| 2.5 | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | Мектептин ишмердүүлүгү, жетишкендиктери жана өзгөрүүлөр, баалардын коюулушу боюнча маалыматты өз убагында ата-энелерге жана окуучуларга жеткирүү класстык сааттар, ата-энелер чогулуштары, социалдык тармактар жана электрондук күндөлүк аркылуу жүргүзүлөт. Мектептин электрондук баракчасы көпчүлүк социалдык тармактарда бар жана алар аркылуу мектептеги жаңылыктар чагылдырылып турат (ссылка инста, фейсбук, мультимедиа). Азыркы учурда колдонулуп жаткан маалымдоо | **Чейректик мониторингдер**<br><br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/cheyrektik-monitoring-1.pdf** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | инструменттери жана процесстерди автоматизациялоо баардык талаптарга жооп берет.<br><br>Келечекте азыркы учурда иштеп жаткан системаны жакшыртуу жана инновацияларды киргизүү пландалууда. Колдонулуп жаткан “электрондук күндөлүк” жакшыртуу, жөнөкөйлөштүрүү жолдору каралууда.<br><br>Окуучулардын сабактан жетишкендиктерин баалоодо жана жыйынтыктоо аттестациясы, окуучуларды класстан-класска көчүрүү экзамендерин өткөрүү мезгилинде, мугалимдердин курамынан турган апелляциялык комиссия директордун буйругунун негизинде түзүлөт.<br><br>Апелляциялык комиссиянын курамына окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары, предметтик мугалимдер жана соц педагог кирет. Окуучулар алган баасына макул болбогон учурда апелляциялык коммисия кайрадан билим деңгээлин текшерип, жыйынтыгын чыгарат. | |
| 2.6. | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту | Окуу корпусуна: окуу кабинеттери, китепкана, фойе, ашкана, жана мектеп териториясында баардык санитардык-эпидемиалогиялык эрежелер сакталган. Окуу кабинеттерин жарыктандыруу, | **Соц педагогдун иш кагаздары**<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/sots.pedagogduk-ish-kagazdary.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | сактоочу ыкмаларды колдонуу | класстардын жасалгалары (аянты, өңү), окуу мебелдери, жылуулук температурасы белгиленген нормаларга толук түрдө ылайык келет. Мектеп ашканасындагы мебелдер, тамак ичүүдө колдонулган идиш-аяктар, тазалык маселелери жолго салынып, милдеттүү талаптарды толук түрдө аткарат. Окуу корпусунунун санитардык абалы, тазалыгы, инвентарлардын абалы боюнча күнүмдүк көзөмөл мектеп директору, чарба башчысы тарабынан жүргүзүлүп, муктаждыкка жараша оңдоо-түзөө иштери убагында аткарылат.<br><br>Окуучулардын коопсуздугу үчүн видео-байкоочу 9 камера орнотулган. Окуучулардын тартип бузуу, бири-бирине үстөмдүк кылуу иштерин алдын-алуу жана көзөмөлдөө үчүн танапис мезгилеринде күнүмдүк нөөмөтчү мугалимдер жооптту болушат. Ар түрдүү кырдаалдар мезгилинде тиешелүү адамдарга кабар берилип, өз убагында чаралар көрүлөт.<br><br>Мектептин ден-соолукту чыңдоочу спорт аянтчасы, спорт залы бар. Мектеп парламенти жана класс жетекчилер тарабынан ар түрдүү спорттук иш-чаралар өткөрүлүп турат. Бул иш-чаралардын негизги максаты окуучулардын өз ара аралашуусуна, командалык иштөөнү өнүктүрүүгө, ден-соолугун чыңдоого багытталган жана спорттук иш-чаралар жыл бою бекитилген план | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | боюнча ырааттуу түрдө өткөрүлөт.<br><br>Мектепте медициналык тейлөө жылдын башында айылдын мед кызматкерлери тарабынан окуучулар медициналык кароодон өткөрүлүп, жыл ичинде медициналык кызматкер тарабынан көзөмөлдөнүп турат.<br><br>Класс жетекчилер окуучулар менен жеке көрүшүү, топтук аңгемелешүү аркылуу окуучларга психологиялык колдоо көрсөтүп турушат. Ал эми класс жетекчилер ар убакта окуучулар менен иштөө боюнча семинарларга катышып турушат. | |
| 2.7. | Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинде ар бир чейректе бардык предметтерден окуучулардан чейректик мониторинг жүргүзүлүп жана жыйынтыгына анализ берилип турат. 9-10-11-класстардан НСТдан тесттен өтүп түрүшат, акыркы НСТ нын жыйынтыгы менен окуучулардын билим сапаты 50%ти түзөт. Предметтик олимпиададан 11-класстын окуучусу облустук баскычтан өтүп Республикалык олимпиаданын женүүчүсү болду. | **ЖРТ боюнча маалыматтар**<br><br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/zhrt-boyuncha-maalymat-1.pdf**<br><br>**НЦТ жыйынтыктары**<br><br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/ntst-boyuncha-maalymat-1.pdf** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Акыркы 5 жылдын ичинде жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтары бар,маалыматтардын жана жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген.Натыйжалар кандайдыр бир оң динамиканы көрсөтүүдө же маанилүү өзгөрүүлөр жок.Төмөнкү натыйжалар боюнча акыркы 5жылдын ичиндеги динамиканын талдоосу берилди.<br><br>-ЖМА(9жана 11-класстар)<br><br>-Мектеп ичиндеги мониторинг<br><br>-ЖРТ (катышуучулардын санынын,негизги тесттин орточо баллын,тандалуучу предметтердин диапазонунун ыкмаларды колдонуу боюнча мониторингдин далилдери бар.Мугалимдердин 50%дан кем эмеси окутууда инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот.<br><br>2020-2021- окуу жылында жалпы окуучунун саны 617 а.и 302 кыз бала улуттук курамы 100% кыргыз, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген 4 окуучу. | **Мектептин ичинде жүргүзүлгөн мониторингдер.**<br><br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mektep-ichinde-zh-rg-z-lg-n-monitoring-1.pdf** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.8 | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Окуучулардын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөр) арыздарын жана даттанууларды карап чыгып жана иш алып баруу үчүн “Ишеним почта”, ишеним телефондору иштейт. Түшкөн маалыматтарга, арыздарга анализ жүргүзүү үчүн атайын топ түзүлгөн. Бул топко директор, директордун тарбия иши боюнча орун басары, класс жетекчилер кирет. “Ишеним почтасына” түшкөн маалыматтар боюнча 1-2-күн аралыгында анализ жүргүзүлүп тиешелүү иштер жүргүзүлөт. Атайын папкага актылар тиркелет. Суроолор менен кайрылган ата- энелер сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп класс жетекчиси, директордун орунбасарлары тарабынан көйгөйүн туура чечүү үчүн иш алып барылат. | «Ишеним почтасы» |

**Жыйынтыгы:**

**Күчтүү жагы:** Мугалимдердин сабагына ата-энелердин катышып туруусу, окуучулар тарабынан баа берилип турушу, кошумча иш-чаралардын өткөрүлүп турушу.

**Алсыз жагы:** Айрым предметтер боюнча окуу – методикалык колдонмолордун жетишсиздиги.

**Сунуштар:** Сапаттуу билим алууга болгон кызыгууну арттыруу.

<table>
<tr><td>3.</td><td colspan="3">Кадрдык саясаттын натыйжалуулугуна карата минималдуу талаптар</td></tr>
<tr><td></td><td>Өзүн-өзү баалоо критерийлери</td><td>Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)</td><td>Далилдөөчү база</td></tr>
<tr><td>3.1</td><td>Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү</td><td>Корчубек Акназаров атындагы орто мектеби мугалимдерди кабыл алууда биринчи милдет катары педагогдун квалификациясына жана компотенттүүлүкгө басым жасайт. Бул өз кезегинде окуучулардын мыкты билим алуусунун негизги талабы катары саналат. Педагогдордун кадрдык курамы штаттык расписаниенин негизинде түзүлөт. Баардык предметтик мугалимдер адистигине туура келет.<br>2020-2021-окуу жылынын 2-жарым жылдыгына карата мектепте мугалимдердин жалпы саны -42 аялдар- 32<br><br>Отличник-7 эркек-12<br>МНО грамотасы-3 жогорку билимдүү-40<br>Округ-10 атайын орто -2<br>райОНО-14 45-жашка чейин -23<br>жаш кадр-<br>3-жыл болгон- 1 45-жаштан жогору - 4 60-жаштан жогору-5<br>5-10-жыл -9<br>10-15-жыл-8<br>16-20-жыл-5<br>21жогору -12<br><br>Кесиптик чеберчилигин жогорулатуу<br><br>
<table>
<tr><td>Жылдар</td><td>2017-2018</td><td>2018-2019</td><td>2019-2020</td></tr>
<tr><td>Саны</td><td>9</td><td>8</td><td>10</td></tr>
</table></td><td>Мугалимдер менен түзүлгөн эмгек келишимдери.<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/emgek-kelishimi-1.pdf<br><br>Мугалимдердин дипломдору<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mugalimderdin-diplomdoru-1.pdf<br><br>Сертификаттар<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mugalimdin-sertifikattary-1.pdf</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Корчубек Акназаров атындагы орто мектеби билим берүү чөйрөсүндөгү жакшы гигиеналык шарттарды, таза сууну жана абаны, жарыктандырууну жана коопсуз имараттарды ошондой эле зордук-зомбулуктун жоктугу, окуу процессинин катышуучуларын укуктук коопсуздугун камсыз кылуу менен окутуунун толеранттуу атмосферасын камсыз кылууну максат кылат.билим берүү процессинин баардык катышуучулары өздөрүн бардык багытта эркин жана коопсуз сезүүсү үчүн толук шарттардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн болушун камсыз кылууну окуу-жай жетекчилиги негизги милдет деп эсептейт.<br>Билим берүү процессинин катышуучуларынын даттанууларын жана пикир сунуштарын кабыл алуучу атайын куту жана китепче уюштурулган. Андан тышкары окуучулардан жана окутуучулардан алардын өз ара мамилеси тууралуу анкета алуу жүргүзүлөт жана ананимдүүлүк кепилденет. Жыйынтыктар тыкыр көзөмөлдөн өтүп түзөтүүлөр боюнча керектүү чаралар көрүлөт. Андан тышкары мектепте конфликт комиссиясы иш алып барат. Окуучулардын билим денгээлин баалоодо да атайын аппеляциялык комиссия иш жүргүзөт. | **3 тараптуу келишим**<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/-ch-taraptuu-kelishim.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Мугалимдердин билимин жогорулатуу, жогорулатуу курстарынан өтүү үчүн перспективдүү план түзүлүп мугалимдер менен тааныштырылган.<br><br>Мектепте жаш мугалимдер үчүн каникул учурунда кыска мөөнөттү семинар-окутууларды жүргүзөт. Мектеп мугалимдери онлайн формасы менен КАОдон жана НМУ билим берүү комплексинен билимин жогорулатуу курстарынан өтүштү. Ошондой эле предметтик жумалыктар,семинар-тренингдерди өткөрүү да мугалимдин кесиптик чеберчилигинин жогорулашына, изденүүчүлүккө шарт түзөт.<br><br>Быйыл онлайн окуу мезгилинде айрым мугалимдерибиз онлайн-вебинарларга катышып, билимин жогорулатуу курстарынан өтүштү. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу планы мектептин “Өнүгүү планында”, жылдык планында каралган.<br><br>Мектептин методикалык темасына ылайык ар бир мугалим өзүнүн кесиптик өнүгүү пландарын иштеп чыгышкан. Мектепте 8 методикалык бирикме иштейт. Метод бирикмелеринин жылдык планы бекитилген. Жума сайын метод башчылары жана окуу-иштери боюнча директордун орун басары менен биргеликте жыйналыш өткөрүлүп, мугалимдердин сабак өтүүсү, методикалык семинарларды пландоо боюнча кеңешме өткөрүлөт. Өз ара сабакка катышуу системалуу жүргүзүлөт (жумасына ар бир мугалим өз бирикмесиндеги мугалимдин сабагына катышуу педагогикалык кеңеш тарабынан жактырылган). Метод башчылары менен биргеликте сабакка анализ жүргүзүү планы иштелип чыгып, окуу бөлүм башчысы сабагынан сабактын структурасы | **Стим фонддун токтомдору**<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/kyzyktyruuchu-emgek-aky-fondun-b-l-sht-r-boyuncha-1.pdf<br><br>**Эмгек паспорттору**<br><br>**https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/emgek-pasportu-1.pdf** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жана анализ жүргүзүү боюнча семинар өткөрүлгөн.<br><br>Жыл ичинде “Жылдын мыкты мугалими”, “Мыкты жумалык” сынактары өткөрүлүп,стимул катары мектеп тарабынан сыйлыктар ыйгарылып турат. О.э. предметтик олимпиада жеңүүчүлөрүн даярдаган мугалимдерге да сыйлыктар көрсөтүлгөн.<br><br>Мектепте мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууга толук шарт түзүлгөн. Жумушка кабыл алууда кесипкөйлүгү, жоопкерчиликтүүлүгү өз ишине болгон мамилесине байкоо жүргүзүү максатында сыноо мөөнөтү берилет, жылдын аягында ишмердүүлүгүнө баа берилип, келишим узартылат же токтотулат. | 1.Сертификаттардын көчүрмөсү<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mugalimdin-sertifikattary-1.pdf |

**Жыйынтыгы:**

**Күчтүү жагы:**

1. Мугалимдердин инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүлүүсү
2. Билим берүүнүн программалары боюнча алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдердин болуусу.
3. Мектептин ички жана тышкы байланыштар менен иш алып баруусу
4. КАОдон жана НМУдан педагогдордун убагында кайрадан квалификациясын жогорулатуу курстарынын өтүп турушу.

**Алсыз жагы:** Жаш кадрларга жумуш ордунун тартыштыгы, эмгек маянасынын аздыгы

**Сунуштар:**

## 4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

**Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү коопсуз жана билим берүүнүн максаттарына ылайык келүүчү материалдык-техникалык базасы болушу керек.**

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **4.1** | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, | Окуу жайда окуучулардын билим алуусу үчүн материалдык-техникалык базанын бардык шарттары түзүлгөн. эки кабаттуу окуу корпусу жана кошумча башталгыч класстар үчүн окуу корпусу, ашкана, спорт залы жана спорттук аятчалар, 1 устакана бар. Мектептин тиешелүү жалпы аянты 56217,9 $м^2$,<br>жалпы курулуш имараттарынын аянты 3482,48 $м^2$<br>Башкы окуу корпусунун жалпы аянты 2033,85$м^2$<br>Окуу корпусунда жалпысынан 27 окуу кабинеттери бар. | **Тех.паспорт**. https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/teh.pasport-1.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар,компьютердик класстар, спорт зал) болушу | Физика кабинети-1<br>Химия кабинети-1<br>Кыргыз тили жана адабияты кабинети-2<br>Орус тили жана адабияты кабинети-2<br>Англис тили кабинети-1<br>Математика кабинети-1<br>Тарых кабинети-1<br>География кабинети-1<br>Биология кабинети-1<br>Компьютердик класс-1<br>Административдик кабинеттер-4<br>Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун кабинети-1<br>Ошондой эле лабораториялык 1 бөлмө иштейт, 1класс проектор жана экрандар менен жабдылган. Компьютердик класс заманбап типтеги интернетке туташкан 16 компьютер бар, окуу жайдын бардык компьтерлери 3 принтер-сканер менен жабдылган жана интернет кошулган. Компьютердик класс 1- сменада колдонулат. Окуу корпусунун кире беришине пандусдар жана кеңейтилген эшиктер орнотулган. Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн 200мин сомго атайын даараткана курулган. Бирок мүмкүнчүгү чектелгендер үчүн атайын тайпалар болбогондуктан, алар үчүн өзгөчө окуу куралдары менен камсыз болгон эмес. Окуу корпусун сыртында экиден (эркек балдар үчүн жана кыздар үчүн) даарат кана жайгашып санитардык талаптарга жооп берет.<br><br>спорт зал окуутуунун жана окуучулардын машыгуусуна талаптарына жооп берет.<br>Актылар залы окуу корпусунун имаратында жайгашып | **Инвентардык иш кагаздар**<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/inventardyk-ish-kagaz.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 20 орунтуктар, сахна жана даярдык бөлмөсүнөн туруп, керектүү инвентарлар менен жабдылган.<br><br>Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин ашканасы 60 орунга ылайыкташтырылган керектүү идиш-аяктар, ысык тамактарды даярдоо үчүн электрдик жабдуулар жана тамак-аштарды сактоочу склад менен толук камсыз болгон. Ашкана жана кухня санитардык норманын шарттарына толук жооп берет. Идиш-аяктарды жууп жана сактоо үчүн өзүнчө бөлмө бар.<br>Башка мектептер сыяктуу эле 1-4-класстарга күнүнө ысык тамак берилет, | |
| **4.2** | Билим берүү чөйросүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Бардык окуу кабинеттеринде өрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландары, щиттер, коопсуздук бурчтары уюштурулган. Санитардык нормага ылайык желдеткичтер менен жабдылган. Окуу корпустарынын абалы канааттандыраалык, күнүнө эки жолу техничкалар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат. Жылына бир жолу ремонттолуп, сырдалып турат.<br>Мектептин корпустары өрткө каршы керектүү жабдуулар менен жабдылган жана өрткө каршы кызмат менен биргеликте мектептин буйругу менен өрткө каршы коошуун түзүлгөн. Өрт чыгып кетүү коркунучунда кошумча чыгуу эшиктер менен жабдылган.<br>Эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу боюнча ар бир окуу классында антисептиктер кол жуучу умывальниктер жана бут сүртүүчү антибактериалдык килемчелер орнотулган.<br>Ар бир өндүрүштүк окутуунун алдында техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат. | Өрт коопсуздугу боюнча корутунду;<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/-rt-koopsuzdugu-boyuncha-akt-1.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4.3** | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу; | Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин материалдык-техникалык базасын анализдөө максатында окуу жайда инвентаризация жүргүзүлүп турат. Ар бир класс-кабинет, лаборатория жана усатканалардын башчысы өзүнө бекитилген инвентарларга жооперчилик менен мамиле кылуусу милдеттендирилген. Мындан сырткары, мугалимдер менен түзүлгөн келишимде ар бир мугалим эмгек шарттарын камсыз кылуу үчүн берилген мүлктүн бүтүндүгүнө жооп берет.<br><br>Материалдык базаны чындоо боюнча спонсорлор жана ар кандай каржы булактарынан ар түрдүү инвертарларды сатып алуу же ондоп түзөө иштери жүргүзүлөт. Акыркы 5 жыл ичинде 2 окуу класстарына жаны парталар жана окуу инвентарлары, 20 монитор, 3 компьютер, 2 принтер, 1 видео проектор сатылып алынынды. | . |

**Жыйынтыгы:**

**Күчтүү жактары:**

1. Финансылык отчеттуулуктун ачык-айкындыгы.

**Алсыз жактары:**

1. мамлекеттик финансылоонун жетишсиздиги

Комиссиянын төрагасы:

Мектеп директору/ / Айдаркулов Рысбек

Комиссиянын мүчөлөрү:

Окуу- тарбия иштери боюнча директордун орун басары/ / Алдашова Жылдыз

Тарбия иштерин уюштуруучу / / Жумалы уулу Адил

Чарба иштери боюнча директордун орун басары / / Алыбаев Сабит

Информатика мугалими / / Сатарова Гулира

Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси / / Усупканова Анаркүл

Профсоюз уюмунун төрайымы / / Бактыгулова Тукенай